Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

БФ «ПСП-ФОНД»

# Санкт-Петербургга кош келиңиздер!



Эмгек мигрантына жардам

## Документтерди кандайча туура толтуруу керек?

2022

**Эгерде Санкт-Петербургга иштегени келсеңиз, кайсы документтерди толтуруу зарыл?**

**Алдамчылардан жабыр тартып калбоо үчүн мыйзамдуу документтерди кайсы жерден толтурууга болот?**

**Мыйзамдуу документтерди толтуруу жана Санкт-Петербургда иштеп баштоо үчүн бир нече кадамдарды жасагыла:**

## 0 КАДАМ

Эгер Сиз Россияда иштөөгө камданып жатсаңыз, Россияга кирип жатканда миграциялык картанын «Кирүү максаты» деген графасына «ЖУМУШ» деген сөздү белгилеңиз.

Эгер Сиз кирүү максатын башкача деп белгилесеңиз, бирок иштөөнү чечсеңиз, анда патентти жана эмгек келишимин алып жатканда, чет өлкөлүк жарандарды каттоонун бирдиктүү көрсөткүчтөр топтомунда кирүү максатын өзгөртүү үчүн Управление по вопросам миграции МВД России бул жөнүндө билдирүү зарыл.

Россияда иштөөгө жана патент алууга 18 жашка толгондон кийин гана уруксат берилет!

## 1-КАДАМ

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин (ЫМК) толтуруңуз.

ДМС полисин камсыздандыруу компанияларынын кеңселеринен же «Почты России» бөлүмдөрүнөн толтурууга болот.

ДМС полисинин баасы анда жазылган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн жана алардын таасир этүү мөөнөттөрүнөн көз каранды. Эмгек мигранттары үчүн эң арзан ДМС полиси эрежеге ылайык, мамлекеттик бейтапканаларда жана ооруканаларда тез жана кечиктирилгис медициналык жардамды акысыз алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө мамлекеттердин эмгек келишимдеринин негизинде иштеген жарандары, милдеттүү түрдөгү медициналык камсыздандыруу полисин (ОМС) толтура алышат, ал мамлекеттик медициналык мекемелерде Россиянын жарандары менен биргеликте акысыз медициналык жардам алуу укугун берет.

## 2-КАДАМ

Миграциялык каттоого ал жакта жашай турган дарегиңиз боюнча туруңуз (катталыңыз).

Чет жердик жаран Россияга киргенден кийин 7 жумушчу күнүнүн ичинде токтогон жери боюнча миграциялык каттоого турганга милдеттүү (Таджикистандын, Өзбекстандын жарандары — 15 күндүн ичинде). Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө-мамлекеттеринин жарандары (Армения, Беларусь, Казахстан, Кыргызстан) — 30 күндүн ичинде).

Чет жердик жаранды миграциялык каттоого тургузууну жашай турган турак-жай берген Кабыл алуучу тарап ишке ашырат.

Бул болушу мүмкүн:

- Санкт-Петербургда туруктуу түрдө катталган РФ жараны;
- Санкт-Петербургда туруктуу түрдө жашаган чет жердик жаран;
- Чет жердик жаран — турак жайдын менчик ээси;
- Юридикалык жак: уюм — жумуш берүүчү, мейманкана.

Миграциялык каттоого туруу үчүн Управления по вопросам миграции ГУ МВД РФ по Санкт-Петербургу и Ленинградской области аймактык бөлүмүнө же болбосо мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү көп функциялуу борборго(МФЦ) кайрылуу зарыл, же болбосо «Госуслуги» сервисинен колдонууга болот.

Сизге кийинки документтер жана алардын көчүрмөлөрү керек болот:

- паспорт;
- миграциялык карта;
- ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси;
- турак жайды колдонуу укугун тастыктаган документтин көчүрмөсү (мисалы, турак-жайды ижарага алуу келишими).

## 3-КАДАМ

Жумуш иштөө үчүн патентти алуу үчүн документтерди өткөргүлө (Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө-мамлекеттердин жана Украинанын жарандарына бул кадамды жасап кереги жок!)

Патентти алуу үчүн документтерди өткөрүүнүн мөөнөтү – РФга кирген убактан баштап 30 күн, мындай болбосо айып пул төлөөгө туура келет.
Эгерде патентте белгиленген адистикте эмес, башка адистикте иштесе жана анда белгиленгенден башка аймакта иштесе, айып пул төлөөгө туура келет!

Санкт-Петербургда патентти алуу үчүн документтерди ФГУП «Паспортно-визовый сервис» МВД России spb.pvsmvd.ru өткөрүү зарыл.

spb.pvsmvd.ru

**Патентти алуу үчүн төмөнкүлөрдү өткөрүү зарыл:**

- патент берүү жөнүндө арызды (арыздын бланкын жана аны толтуруунун үлгүсүн ГУВМ МВД РФ бөлүмдөрүнөн же гувм.мвд.рф сайтынан алууга болот)
- паспортун жана паспорттун көчүрмөсүн;
- 3х4 өлчөмүндөгү түстүү жана жылтырабаган
- миграциялык каттоого (катталгандыгы) коюлгандыгы жөнүндө билдирүүнү жана анын көчүрмөсүн;
- паспорттун нотариуска күбөлөндүрүлгөн орусча котормосун – бул котормочу бар нотариалдык кеңседе жасалат;
- кирүү максаты «жумуш» деп белгиленген, кирүү жөнүндө штамп басылган миграциялык картаны жана анын көчүрмөсүн;
- айланадагыларга коркунуч келтирген наркоманиянын жана инфекциялык оорулардын жоктугу жөнүндөгү медициналык корутундуну жана сертификатты, ошондой эле ВИЧ-инфекциясынын жоктугу жөнүндө медициналык текшерүүдөн өткөндөн кийин атайын медициналык мекемеден берилген медициналык корутундуну;
- ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси (ДМС);
- орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билгендиги жөнүндөгү документти: СССРдин аймагында 01.09.1991-ж. чейин же болбосо Россиянын аймагында 01.09.1991-ж. кийин окуу жайды аяктагандыгы жөнүндөгү документтин оригиналын,же болбосо орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билгендиги жөнүндөгү сертификатты;
- патент боюнча салык төлөмдөрүн төлөгөндүгү жөнүндө квитанцияны (НДФЛ).

## 4-КАДАМ

Жумуш берүүчүнү табыңыз жана аны менен эмгек келишимине кол коюңуз

Жумуш издөөдө сиздерге вакансиялардын жалпы россиялык базасын «Работа в России» trudvsem.ru жана Санкт-Петербургдагы вакансиялардын банкы r21.spb.ru колдонууну кеңеш кылабыз.

Көп учурда ак ниетсиз жумуш берүүчүлөр чет жердик жарандар менен чыныгы эмес келишим түзүшөт же болбос аны таптакыр түзүшпөйт

Эсиңиздерден чыгарбаңыздар: мыйзамдуу эмгек же жарандык-укуктук келишим — сиздердин укугуңуздардын кепилдиги! Жумуш берүүчү сиздер менен келишим түзгөнгө жана сиздерге анын көчүрмөсүн бергенге МИЛДЕТТҮҮ.

Жумушка орношууга тиешелүү эмгек келишимдеринин жана башка документтердин үлгүлөрүн: **онлайнинспекция.рф/documents**

## 5-КАДАМ

Патенттин төлөнгөн мөөнөтү аяктаганга чейин авансылык төлөмдү төлөп коюңуз жана чекти сактап коюңуз.

Патенттин жарактуу таасири үчүн төлөмдү өз убагында төлөбөсө, аны кечиктирген биринчи күндөн баштап патенттин таасири токтотулат.

Айларды эсептөө документте белгиленген иштөө үчүн патент алган күндөн баштап жүргүзүлөт.
Төлөм жумуш иштөө үчүн төлөнгөн ай аяктарына 1 күн калганда кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

## ҚАДАМИ 6

Жумуш иштөө үчүн патентке төлөнгөн мөөнөткө ылайыктап миграциялык каттоону дагы узартыңыз. Патентти алгандан кийин 2 айдын ичинде сиздер жиберишиңиздер зарыл: УВМ МВД РФ жумушчу менен эмгек келишиминин көчүрмөсүн тапшырылгандыгы жөнүндөгү билдирүү менен чогуу буюртма катты, же болбосо УВМ ГУ МВД РФ бөлүмүнө келишимди жеке өзүңүз өткөрсөңүз болот, болбосо патентти жараксыз деп таануусу мүмкүн. Патенттин жарактуу мөөнөтү аяктагандан кийин РФдан чыгуу зарыл, же патентти кайрадан алуу керек.

## МААНИЛҮҮ!

- Бардык документтерди мамлекеттик уюмдардан өзүңүздөр толтуруңуздар, ортомчуларга кайрылбаңыздар!
- Алар көпчүлүк учурда жасалма документтерди берип коюшат, мунун айынан сиздерге айып салуусу же Россиядан чыгарып салуусу мүмкүн. Документтерди өз убагында узартууну унутпаңыздар. Полиция текшерип калуусу мүмкүн болгондуктан, аларды жаныңыздарда алып жүрүңүздөр же көчүрмөсүн жасап алыңыздар.
- Өзүңөр кол коюп жаткан документтерди дайыма окуңуздар. Эгерде сиздер документтин мазмуну менен макул болбосоңуздар, ага кол коюудан баш тартканга укугуңуздар бар.
- Россиянын миграциялык мыйзамдарынын өзгөрүүсүнө байкоо салып жүрүңүздөр, мыйзамдарды сактаңыздар!

## Пайдалуу байланышуу түйүндөрү

*Управление по вопросам миграции ГУ МВД России по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области*
78.мвд.рф/ms
8 812 573 37 22
8 812 573 30 02

*Многофункциональные центры предоставления государственных услуг (МФЦ)*
*Единая справочная служба МФЦ:*
8 812 573 90 00
*Список МФЦ Санкт-Петербурга:*
gu.spb.ru/mfc/

*Филиал по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области ФГУП «Паспортно-визовый сервис» МВД РФ*
8 812 703 68 78
obr_spb@pvsmvd.ru
pvsmvd.ru/branches/78

*Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге*
8 812 576 28 08
info@kmormp.gov.spb.ru
gov.spb.ru/gov/otrasl/kmormp/

*БФ «ПСП-фонд» (акысыз укуктук жардам):*
8 953 141 31 09
8 812 337 57 85

*Чет жердик жарандар үчүн түз байланышуу түйүнү:*
8 812 576 28 67

## Пайдалуу сайттар:

migrussia.ru — *укуктук суроолор жана адаптациялануу боюнча кеңештер, бир нече тилдеги пайдалуу байланыштар жана маалыматтык материалдар*

migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru — *Санкт-Петербургдагы улуттар аралык мамилелер жана миграциялык саясат боюнча Мигранттар үчүн комитеттин интернет-ресурсу.*

Разработка текста: **БФ «ПСП-фонд»**
Автор-составитель: **Якимов А. Н.**
Редактор: **Панич Б. Л.**
Дизайнер: **Костенко А. А.**
Тираж: **500 экз.**

Буклет «Трудоустройство и защита трудовых прав» (на киргизском языке)

Изготовлено на средства субсидии Комитета по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге